# Кайраттуулук жөнүндөгү ырды ырдагыла

**Оку: Забур 27:6.** Дөөтү музыканы жакшы көргөн. Ал Жахабаны даңктап көп ырдачу. Ырлар ага эр жүрөк болгонго жардам берген. Биз да ырдасак, эр жүрөк болобуз.

«Кайраттуу кыла көр» деген ырды окугула. Эр жүрөк болгонго кандай себептер бар? Ырды жаттап, үй-бүлөңөр менен ырдагыла.

БҮКТӨ



137-ЫР

## Кайраттуу кыла көр

(Элчилер 4:29)

1. Ысымыңды жарлаганда,
Көптөр каршы чыгышат.
Ындыныбызды өчүрүп,
Шылдыңдап, жалаа жабат.
Бирок биз эч коркпойбуз,
Баш иебиз сага гана.
Рухуңду берип, күчтөндүрчү,
Суранабыз, оо, Жахаба.

(КАЙЫРМА)

Кайраттуу кыла көр бизди,
Жар салалы баарына.
Алдырбайлы коркунучка,
Чыдайлы каршылыкка.
Жакын калды алааматка,
Кетенчиктебейли артка.
Кайраттуу кыла көр бизди,
Оо, Жахаба.

2. Жеңдиргенде коркунучка,
Бизди четке какпайсың.
Дайым колдоп-кубаттаган,
Ырайымдуу Кудайсың.
Душмандар бут тосондо,
Коркутуп каршы чыкканда,
Туруктуу, чечкиндүү бололу,
Ысмыңды даңктап жатканда.

(КАЙЫРМА)



www.jw.org © 2016 Watch Tower Bible and Tract Society of Pennsylvania